С. Нааматов атындагы НМУнун Окумуштуулар
Кеңеши тарабынан бекитилди.
Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ректор,
профессор ____________ Омуралиева Д.К.
Протокол № 10-4 «26» мая 2016-жыл.

## С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кабыл алуу комиссиясы жөнүндө ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1.1. С.Нааматов атындагы жогорку билим берүү программаларына студенттерди кабыл алууну уюштуруу максатында Нарын мамлекеттик университетинин (мындан ары – НМУ) Гранттык комиссия (гранттык орундарга кабыл алууну өткөрүү үчүн) жана Кабыл алуу комиссиясы (контракттык орундарга кабыл алууну өткөрүү үчүн) жыл сайын Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен түзүлөт.

1.2. Гранттык жана Кабыл алуу комиссияларынын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2-июнь, 2006-жылдагы "Абитуриенттердин жалпы республикалык тестирлөөсүн жана мамлекеттик билим берүүчүлүк гранттарды конкурстук бөлүштүрүүнү жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө" №404 Токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында студенттерди окутуу үчүн мамлекеттик билим берүүчүлүк гранттар жөнүндө Жобонун", КР Өкмөтүнүн 19-июнь, 2012-жылдагы №429 Токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары менен тандоо жана кабыл алуу жөнүндө Жобонун" жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27-май, 2011 жылдагы №256 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун Тартибинин» негизинде жөнгө салынат.

### 2. Кабыл алуу комиссиясынын мүчөлөрүнүн функционалдык кызматтары

2.1. Гранттык жана Кабыл алуу комиссияларынын ишмердүүлүгүн жана иш кагаздарын, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алууну ректор дайындаган жооптуу катчы уюштурат. Жооптуу катчынын талапкерлиги КР ББИМ менен макулдашылат. Бир эле адам катары менен эки жылдан ашык жооптуу катчы боло албайт.

2.2. Кирүү сынактарын уюштуруу жана өткөрүү үчүн кабыл алуу комиссиясынын төрагасы сынак жана апелляциялык комиссияларынын курамын бекитет. Сынак жана апелляциялык комиссиялардын ыйгарым укуктары жана ишмердүүлүгү ректор бекиткен жобо менен аныкталат. Сынак комиссиясы тажрыйбалуу окутуучулардан куралат жана анын курамынын 50% кем эмес бөлүгү жыл сайын жаңыртылып турат.

2.3. Экинчи жана кийинки курстарга кабыл алууда аттестациялык сынактарды уюштуруу жана өткөрүү үчүн НМУнун Административдик комиссиясы түзүлөт. Административдик комиссияны түзүү, анын курамы, ыйгарым укуктары жана ишмердүүлүгү, ошондой эле аттестациялык сынактагы процедуралар ректор бекиткен тийиштүү жобо менен аныкталат.

2.4. Документтерди кабыл алуу үчүн ректордун буйругу менен техникалык катчылар дайындалат. Техникалык катчылар жооптуу катчы тарабынан ар бир факультетке бекитилет жана кабыл алынган документтердин тууралыгына керт башы менен жооп берет, бул жөнүндө ар бир абитуриенттин арызына кол коёт.

2.3. Техникалык катчылар абитуриенттерден сертификаттын айрыма талондорун кабыл алат жана аларды атайын журналга каттайт.

2.4. Абитуриенттерди НМУга кабыл алуу жөнүндө буйрук чыгарылгандан кийин алардын документтери ЖРТнын сертификаты менен бирдикте өздүк делолоруна тиркелет жана акты менен студенттик кадрлар бөлүмүнө тапшырылат.

## 3. Кирүү сынактарын уюштуруу

3.1. Жогорку билимдин дистанттык формасына жана орто жана жогорку кесиптик билим жөнүндөгү диплом менен НМУнун адистиктерине кабыл алууда, абитуриенттердин билим деңгээлин аныктоо максатында, кирүү сынактары уюштурулат. Кирүү сынактары экзамен (оозеки же жазуу), тест (бланкалык же компьютердик), аңгемелешүү ж.б. түрүндө өткөрүлүшү мүмкүн. Кирүү сынактарынын конкреттүү формасын кабыл алуу жөнүндө жарыя берүүнүн алдында Кабыл алуу комиссиясы аныктайт.

3.2. Кабыл алуу комиссиясы профилдик кафедралар менен бирдикте кирүү сынагына тапшырмаларды жана баалоо системасын иштеп чыгат. Мында минималдуу оң баа максималдуу баллдын 40 пайызынан кем болбошу керек. Тапшырмалар жооптуу катчы тарабынан бекитилет, конвертке чапталат жана ал алардын сакталуусуна жооп берет. Сыноо башталардын алдында жооптуу катчы конвертти өзү ачат жана тапшырмалар абитуриенттерге таратылат. Кирүү сынагына берилүүчү убакыт тапшырманын формасына жана көлөмүнө жараша аныкталат.

3.3. Сынак бүткөндөн кийин Кабыл алуу комиссиясынын мүчөлөрү абитуриенттердин иштерин чогултат жана жооптуу катчыга берет. Жооптуу катчы кабыл алуу комиссиясы менен бирдикте сынак баракчаларына жана жооп бланкаларына шарттуу белги коюу аркылуу жазуу иштерине же жооп бланкаларына шифр коёт. Сырткы баракчалар жооптуу катчыда калтырылат жана чапталган сейфте сакталат, ал эми жооп бланкалары сынак комиссияларынын мүчөлөрүнө текшерүү үчүн берилет. Текшерүүнү НМУнун корпусунда гана жүргүзүүгө уруксат берилет. Кирүү сынагына тиешеси жок адамдар текшерүүгө киргизилбейт. Предметтик комиссиянын мүчөлөрү иштерди текшерет, бааларын коет жана аларды жооптуу катчыга кайтарат.

3.4. Жооптуу катчы, же анын көрсөтмөсү менен Кабыл алуу комиссиясынын башка мүчөлөрү текшерилген иштерди сырткы баракчалары менен идентификациялайт, сынак баракчаларына баа коюу менен бирге кол коюшат. Андан соң, жалпыга маалымдоо үчүн, абитуриенттердин баалары коюлган тизме түзүлөт жана илинет. Оң баа алган абитуриенттер кабыл алууга сунушталат.

## 4. Абитуриенттерди кабыл алуу

4.1. Абитуриенттерди кабыл алуу КР ББИМ тарбынан бекитилген кабыл алуу планынын негизинде жүргүзүлөт. Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин саны пландалган орундан ашкан учурда конкурс өткөрүлөт.

4.2. Гранттык жана контракттык орундарга конкурстун шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2-июнь, 2006-жылдагы "Абитуриенттердин жалпы республикалык тестирлөөсүн жана мамлекеттик билим берүүчүлүк гранттарды

конкурстук бөлүштүрүүнү жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө" №404 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында студенттерди окутуу үчүн мамлекеттик билим берүүчүлүк гранттар жөнүндө Жобо жана КР Өкмөтүнүн 19-июнь, 2012-жылдагы №429 Токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары менен тандоо жана кабыл алуу жөнүндө Жобо" менен жөнгө салынат.

4.4. Кабыл алуу комиссиясы өз отурумдарында НМУга кабыл алуу жүргүзөт жана ал жөнүндө протоколдор түзүлөт. Контракттык негизде тапшырган абитуриенттер окуу үчүн бир жылга төлөнүүчү акынын 50% төлөгөндөн кийин кабыл алуу жөнүндө буйрук чыгарылат.

4.5. Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы кабыл алуу протоколдорунун негизинде абитуриенттерди НМУга кабыл алуу жөнүндө буйруктун долбоорун даярдайт, андан соң ректор тийиштүү буйрук чыгарат.